«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, профессор Кожобеков К.Г.
__________________________
«__10__»______октябрь______2023-ж.

**Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын талкуулоо боюнча «Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы" кафедрасында өткөрүлгөн жыйынынын 2023-жылдын 26 - сентябрь протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

***Катышкандар:***

Алимбекова Гульшахан Бершинбек кызы - педагогика илимдеринин доктору, профессор; 13.00.08
Үкүева Б. К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор; 13.00.02
Момуналиев С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор; 13.00.01
Бабаев Д.Б. – 13.00.01, 13.00.08 – илимий эмгектердин жыйынтыгы боюнча;
Келдибекова А.О. – педагогика илимдеринин доктору, доцент 13.00.02
Абдураимова З. С . – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; адистиги: 13.00.01
Алиева К. У.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 13.00.01
Алиева Б. М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.01
Бабаев М. Д . – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 13.00.01
Божонов З.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.08
Дуванаева К. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 13.00.08
Жусупова Н.Ы.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 13.00.08
Кошонова С. Ш.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.01
Тажикова Б. Ш. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; 13.00.01

Камбаров А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.08

Муратбаев Б.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.01

Умаров Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент 13.00.01

Джаркинбаева А.Т.. - улук окутуучу

Өмүрзакова Г.А. - улук окутуучу

Азимова С. З.- окутуучу

Асаналиева М.М. – окутуучу

Асанова М. С.- окутуучу

Мырзабекова Н.М. – окутуучу

Джоошбаева А. А. - лаборант

***Жыйындын төрагасы:*** Үкүева Б.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

***Жыйындын катчысы:*** Джоошбаева А.А.

**КҮН ТАРТИБИ:**

Изденүүчү Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

***Илимий жетекчи:*** Бабаев Д.Б. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

***Жыйындын төрагасы***: Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары! Бүгүн биз изденүүчү Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика

илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулайбыз.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчү Токторова Асель Эгембердиевнага берилет.

***Изденүүчү Токторова А.Э. диссертациялык иштин негизги мазмуну менен тааныштырып өттү*** (Докладдын тексти тиркелет).

***Жыйындын төрагасы:*** Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасы аяктады. Кимде кандай суроолор бар? Суроонузду бериңиз, Бакытбек Бакасович

**Муратбаев Б.Б. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:**

Асель Эгембердиевна, менин сизге суроом бар. Сиздердин эмгекте өзүңүздүн көз карашыңыз боюнча "педагогикалык конфликт" деген эмне суроого жоопту мен көрө албадым же бул пункттар белгиленип көрсөтүлбөй калганбы?

**Изденүүчү:** Бул суроого жоопту биз биринчи бөлүмдө кеңири көрсөтүп , өзүбүздүн жыйынтыгыбызды бергенбиз.

**Муратбаев Б.Б.:** Экинчи суроом эмне себептен диссертациялык ишиңиздерде конфликттик кырдаалдарды чечүүдө колледж студенттерин тандап алдыңыз жана кыргыз педагогдорунан кимдердин эмгектеринен пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Биздин Кыргыз Республикада болуп өткөн ар кандай окуялар анын ичинде июнь окуялары мамлекет менен коом көп жылдар бою көз жаздымда калтырып келген улуттар аралык мамилелердин проблемасын ачып көрсөттү. Бул көйгөй студенттерди толеранттуулукка, сабырдуулукка тарбиялоо багытында тарбиялык иштерди учурдун талабына жараша жүргүзүүнү, улуттар аралык араздашуунун алдын алуу үчүн студенттерди сабырдуу жүрүш – туруштун жана кызматташтыктын жөндөмдөрүнө калыптандыруу керек экендигин көрсөттү. Ал эми бул багыттагы изилдөөчүлөргө А. Алимбековдун, Н.А. Асипованын, К.Р. Алдашеванын, Н.К.

Дюшееванын, Д.Б. Бабаевдин, М.Х. Манликованын, Ж.К. Сулайманкулованын ж.б. эмгектерин анализдеп, пайдаландык.

**Жусупова Н.Ы. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:**

Сиздин диссертациялык жумушуңуз менен таанышып чыктым. Абдан көлөмдүү, мазмундуу иш болуптур. Диссертациялык иштин мазмунуна жалпы теорияны көбүрөөк кошууга кандай карайсыз?

**Изденүүчү:** Диссертациялык иштин мазмунуна жалпы теорияны көбүрөөк кошууну эске алайын. Рахмат.

**Алимбекова Гульшахан Бершинбек кызы – педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

Коргоого коюлуучу негизги жобонун үчүнчү пунктунда белгиленген тапшырманы сиз өзүңүздүн диссертациялык жумушуңузда кантип карадыңыз?

**Изденүүчү:** Колледж студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн теориялык модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык каражаттары; окутуунун методдору аны ишке практикада ишке ашыруу иштери жасалды. Чыр чатактарды чечүүдө биз жалпы педагогикалык, даярдоо принциптери түзүлүп, мотивациялык, когнитивдик, эмоциялык, коммуникативдик компоненттери иштелип чыкты.

Даярдоонун мазмунун аныктоодо психологиялык – педагогикалык дисциплиналар менен катар коомдук дисциплиналарга да басым жасоо, темаларды тандоодо логикалык ырааттуулукту сактоо, даярдоонун теориялык, психологиялык, методикалык аспекттерин чагылдыруу, даярдоонун вариативдүү жана инвариативдүү бөлүктөрүн кароо, студенттердин көңүлүн проблеманы окуп үйрөнүү зарылдыгын таанып билүүгө багыттоо максатка ылайыктуу деп эсептелди.

**Келдибекова А.Ө. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

Конфликттик кырдаалдын алдын алууну жана аны чечүүнүн кандай факторлорун карадыңыз?

**Изденүүчү:** Окуу тарбия процессинде беш этабын бөлүп карадык: демонстративдик, ритуалдык, стереотиптик, аң-сезимдүү түрдө чечимге келүү, өзүн өзү актуалдаштыруу – жамааттагы, курсташтар арасындагы конфликттик кырдаалдын алдын алууга жана аны залакасыз чечүүгө студенттин активдүү түрдө катышуусу жана ошондой эле өзүнө өзү болгон ишенимдин бекемделиши. Ар бир этапта тарбия процесси методдордун комплексинин жардамы менен ишке ашырылды.

**Өмүрзакова Г.А. – улук окутуучу:**

Тарбия процессинде пайда болуучу конфликттик кырдаалдарды чечүүдө кайсы принциптерге таяндыңар?

**Изденүүчү:** Биринчиден балалык феноменинин негизинде конфликтти чечүү принциби. Аталып өткөн жаш курактык айырмачылыктар, алардын мүнөзүндөгү жана психологиясындагы өзгөчөлүктөр жаш балдардын өзүн өзү башкара билүүсүнө, чоңдордун көз салуусуна муктаж эместигине, курчап турган чөйрөнүн, айланадагы адамдардын карама-каршылыктарына өз алдынча каршы тура алуусуна, өз кызыкчылыктарын коргой билүүсүнө жараша аныкталат. Ал эми студентти конфликттүүлүктүн деңгээли менен идентификациялоо принциби тайпанын жалпы эле студенттери менен конфликттик кырдаалдардын алдын алуу жана аларды залакасыз чечүү процессин өз ара салыштыруу аркылуу ишке ашат. Үчүнчүсү жарандык коомдун нравалык баалуулуктарын таануунун негизиндеги принциптер аркылуу өспүрүмдөр башкаларга сый менен мамиле жасоого үйрөнүшөт, чыр баштоо алдында турган оппонентине жылуу сүйлөө аркылуу аны токтото алат жана өзүнө болгон урмат-сыйды жарата алат. Диссертациялык иште негизинен ушул принциптерди карап чыктык.

**Джаркинбаева А.Т. – улук окутуучу:**

Колледж студенттеринде конфликттик кырдаалдарды алдын алууда жана чечүүдө окутуучулардын ролу кандай?

**Изденүүчү:** Конфликттерди алдын ала эскертүү менен аны чечүүдө окутуучуларга жардам берүүнүн жолу колледждин жетекчилери, башка

окутуучулар менен биргелешип иштөөнүн аркасында ишке ашаары бизге белгилүү. Ошондуктан биз мына ушундай жыйынтыкка диссертациялык ишибизде келдик: - сабактагы конфликттик кырдаалдар, өзгөчө өспүрүмдөр аудиториясында, көпчүлүк учурларда типтүүлүктө, закон ченемдүүлүктө кабыл алууда таанышат. Аларды чечүүдө окутуучу ар түрдүү курактагы студенттердин коллективдүү окуу ишмердүүлүгүн уюштуруп, алардын ортосундагы ишкердик өз ара көз карандуулукту күчөтө билүүсү керек. Ушундай конфликттер окутуучуларга көбүрөөк болот, алар биринчи кезекте алардын бар болгону предметти өздөштүрүү деңгээли кызыктырат, ошондуктан мындай студенттер сабакта байкалаарлык аз, биринчи курста негизинен куратор студенттерди жакшы билишет жана алар менен ар түрдүү формадагы өз ара таасир этүүнү таба алышат; - эреже катары, жүрүм-турум боюнча «оор», предметтерди начар өздөштүрүшкөн студенттер, сабактагы кырдаалдар конфликтке чейин жетет. Ошондуктан окутуучулардын өздөрүнө эң жакшы кызыктуусу дал ушундай студенттерди үйрөнүү, тапшырманы аткарууда өз мезгилинде жардамды көрсөтүүнүн максаты аларга карата көңүл буруууну пайда кылуусу конфликттик кырдаалдан чыгуунун себеби болуп калат.

**Момуналиев С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

Колледж студенттери үчүн сиз диссертациялык ишиңизде конфликттик кырдаалдарга анализди жүргүзүү үчүн таянычтын схемасынын варианттарын иштеп чыктыъыздар. Ошол схема боюнча түшүнүк берип койсоңуз?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Уруксат берсеңиз суроого жооп берейин. Бул схема боюнча биринчи вариантка негизинен ситуацияны анализдөөдө төмөнкү учурлар кошулду: - пайда болгон кырдаалды, конфликтти, кылык-жорукту баяндап жазуу, пайда болгон кырдаалга эмне себеп болгон. Экинчи вариант. - кырдаалды жана ага катышуучуларды баяндап жазуу; - кырдаалдын учурун аныктоо, качан окутуучу анын конфликке алмаштыруусун алдын ала эскерте алабы; - муну жасоодо окутуучуга эмне тосколдук кылды. Үчүнчү вариант схема боюнча кырдаалды же конфликтти баяндап жазуу; -

кырдаалдын пайда болушунун себептери (анын пайда болушунун ички жана сырткы шарттары (конфликтке алмашуусунун түрткүсү; анын динамикасы); - конфликтке катышкандардын ар бири үчүн конфликттин мааниси; - кырдаалга катышкандардын ортосундагы карым-катнашты психологиялык анализдөө; - кырдаалды калыбына келтирүүдө түрдүү варианттардагы таануунун жана тарбиялоонун максатынын перспективалары. Албетте, орто кесиптик окуу жайында турмушундагы реалдуу кырдаалдарда окутуучулар өзүнүн тажрыйбасында сунуш кылынган схемасын жыйнай албашы мүмкүн, бирок бөлүнгөн суроолор кырдаалдын маанилүү учурун аныктоого жардам берет, аны өздөштүрүү үчүн психологиялык билимди пайдалануу менен өзүнүн жекече ой жоруусун, пикирин түзөт.

**Жыйындын төрагасы:** Менин суроом диссертациялык иштин эксперименталдык бөлүгүнөн. Эксперимент иштерин кайсы окуу жайда жүргүздүңүздөр. Жалпысынан канча студенттер катышты.

**Изденүүчү:** Педагогикалык экспериментте изилдөө иши калыптандыруучу жана  контролдук баптардан турду. Эксперимент Ош мамлекеттик университетинде жана Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде өттү. Ал жерде колледж студенттеринен жалпысынан 400 өспүрүм курактагы балдар катышты. Анын эксперименттик тайпасында – 230 студент, ал эми контролдук тайпада – 170 студент катышышты. Эксперимент учурунда негизги басымды тарбиялоонун жаңы технологияларын колдонууга басым жасоо болду. Андан башка толеранттуулук идеяларына негизделген педагогикалык каражаттары пайдаланылды.

***Жыйындын төрагасы:*** Кимде кандай суроолор бар? Эгерде суроо жок болсо, анда диссертацияны талкулоого өтөлү. Алгачкы сөз илимий жетекчи Бабаев Доолотбай агайга  берилет.

***Бабаев Д.Б.– педагогика илимдеринин доктору, профессор.***

Урматтуу кесиптештер! Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы

диссертациялык жумушу абдан актуалдуу. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан берки болуп өткөн саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр билим берүү системасына да өзүнүн таасирин тийгизди. Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында бардык социалдык чөйрөлөрдөгү олуттуу карама-каршылыктардын жаралышы жана жайылтылышы дүйнөдө болуп жаткан глобалдык өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүүдө. Адамдардын өз ара бири-бирин көрө албастыгы, негизсиз атаандаштык ачык-айкын байкалууда. Көпчүлүк жарандарда өзүнө өзү, ал тургай, келечекке ишенбестик пайда болууда.

Социалдык карама-каршылыктардын курчушунун шартында жарандардын, анын ичинде өспүрүмдөрдүн өз ара мамилесинде көптөгөн бирин-бири түшүнбөстүк же түшүнүүнү каалабастык келип чыгууда. Айрыкча, өткөөл мезгилдеги жаш куракта турмуштук татаал кырдаалдарга карата туура мамиле жасоодо, аны жеңип чыгууда татаалдыктар жаралууда. Бул жаш курактагылар көп учурларда талаш маселелерде, пикир келишпөөчүлүктөрдө деструктивдүү жолду тандап алышууда. Натыйжада, мындай чырлуу маселелердин негизинде өспүрүмдөр өз ара кызматташууга, бири-бирин түшүнө билүүгө эмес ашыкча өжөрлүк, өзүм билемдик, айтканынан кайра кайтпаган инсан болууда. Буга мисал Кыргызстандын түштүгүндө 1990-жылы, 2010- жылдын июнунда болуп өткөн каргашалуу окуялар, талап - тоноо жана башка кылмыштар менен коштолгон тополондор дүйнөдөгү коомчулуктун үрөйүн учурду. Жүздөгөн адамдар курман болду, турак үйлөр, дүкөндөр, административдик мекемелер, кафелер бузулуп өрттөлдү. Көптөгөн мекендештерибиз өлкөдөн кетүүгө аргасыз болду.

Бул конфликттерге жаштар да аралашбай койгон жок. Ошондуктан келечекте окуу-тарбия процессинде чыр-чатактарды болтурбоо, алардын алдын алуу азыркы учурдагы студенттер арасындагы олуттуу проблемалардын бири.

Демек, коомдо ар бир чыр чатактын алдын алуусу аны болтурбоонун негиздерин изилдеп чыгуу зарылчылыгы теманын актуалдуулугун негиздейт.

Илимий жетекчи катары диссертант жакшы бир илимий жаңылыгын киргизе алды деп эсептеймин. Илимий изилдөөнү жазып жатканда, албетте кемчиликтер болбой койбойт экен. Мисалы, бүгүнкү айтылган сын сунуштарыңыздарды ондогонго аракет кылайлы. Ал эми диссертант боюнча кыскача айтып өтөйүн: Токторова Асель Эгембердиевна – жаш илимпоз катары Бишкек гуманитардык университетинде эл аралык мамилелер кафедрасында эмгектенет. Изилдөөсү чыр чатактарга байланыштуу, анткени ал конфликтология предметинен сабак берет. Жалпы эмгек стажы – 15 жылдан бери талыкпай эмгектенип келет. 2015 – жылы магистратураны аяктады. Жазылган илимий макалалары диссертанттын тажрыйба топтогону жөнүндө айтсак болот. Мен ойлоймун, диссертанттын тажрыйбасы да жетиштүү. Жалпысынан айтканда, мен бул диссертацияны коргоого сунуштайм, ал эми аны баалоо – сиздердин колуңуздардагы иш.

***Жыйындын төрагасы:*** Сөз доцент Бактыгүл Шариповнада

***Тажикова Б.Ш.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***

Асель Эгембердиевна, диссертациялык жумуштун темасынын актуалдуулугунда сөз жок. Абдан көлөмдүү , мазмундуу иш болуптур. Актуалдуулугуна конфликтология илиминин жаралышы тарыхын камтып кетсеңиз жакшы болот эле. Тема боюнча макалаларыңыз, колдонмолор жетиштүү экен. Чыр чатактарды чечүүнүн принциптери, формалары так, даана берилген. Экинчи бөлүмдө методологиялык жагдайларын жана методдорун абдан сонун көрсөтүп бергенсиз.Үчүнчү бөлүмдө эксперимент жүргүзүлүп, анализдин негизинде динамикалык көрсөткүчтөр берилген. Диссертант материалды так билет экен, суроолорго жакшы жооп берип жатат. Ошондуктан мен бул ишти коргоого сунуштаймын.

***Божонов З.С.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***

Асель Эгембердиевна, окумуштуулардын көз карашы боюнча, чыр чатактарга ар түрдүү аныктамаларды берип келишет. Ал эми мен сиздин

диссертациялык ишиңизден , сиздин өз оюңузду көрө албадым. Сиз да жалпы корутундуда өз оюңузду билдирип кетүүнү эске алат деп ойлоймун.

***Изденүүчү:*** Макул, эске алайын.

***Дуванаева К.Т.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***

Биринчи бөлүмдө көрсөтүлгөн маанилүү документтер адабияттардын биринчи орунунда туруусу зарыл. Анткени, бул мамлекеттик маанилүү документ. Адабияттардын шилтемелерин так көрсөтүшүңүз керек. Диссертациялык жумушуңуздүн оформлениесин жобого ылайык жазышыңыз керек.

***Изденүүчү:*** Макул, жобого ылайык жасаганга аракет кыламын.

***Умаров Т.Т.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***

Абдан кызуу талкуу жүрүп жатат. Талкууланып жаткан тема, билим берүүдөгү абдан актуалдуу тема экендиги талашсыз. Мен төмөндөгүдөй сунуштарды айтаар элемин.

Биринчи сунушум: Студенттердин толеранттулугун калыптандырууда, маданиятын өстүрүүдө, ой ишмердигин активдештирүүдө, кафедранын доценти Жолдошбаев Д.А. агайыбыздын конфликттик көйгөйлөрдө педагогикалык чебердик китебинен да пайдаланылса;

Экинчи сунушум: Педагогикалык шарттарды конкреттүү көрсөтсөңүз;

Жалпысынан алганда, ишиңиз көлөмдүү, мазмундуу. Айтылган сунуштарды диссертациялык ишиңизге кошсоңуз дагы көркүнө чыгаар эле деп ойлоймун. Ошондуктан мен бул ишти коргоого сунуштаймын.

***Үкүева Б. К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор***

Мага жаккандыгы – бул диссертанттын актуалдуу теманы тандап алгандыгы. Андан кийин, өзүнүн баяндамасынан байкагандай, өзүнүн предметин мыкты билет, диссертациялык жумуш өтө тыкан, кылдат иштелген. Жумуш жетишээрлик деңгээлде бышып жетилген. Иш илимий аппараттын жоболоруна туура келет. Ошондуктан, диссертациялык кеңешке кабыл алууну сунуштаймын. Анткени, изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу.

***Жыйындын төрагасы: Зарийпа Самашевна***, сөз сизге берилет.

***Абдураимова З.С.: - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***

Бул диссертациялык иш менде жакшы таасир калтырды, себеби мезгилге үндөш жазылган. Диссертант тарабынан эбегейсиз зор иш аткарылган. Колледждеги педагогикалык конфликттерди чечүүгө багытталган окуу тарбия процессинде уюштуруунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жана принциптери так, даана иштелип чыккан. Чыр чатактарды чечүүнүн методикалык жолдору жана шарттары көрсөтүлгөн. Автор тарабынан жазылган илимий макалалар диссертациялык иши менен топ келишип, педагогикалык эксперименттин аныктоочу этабы уюштурулган. Жазылган илимий диссертациялык иш ЖОЖго студенттерге, кураторлорго, окуучуларга, мугалимдерге эң жакшы колдонмо катары берилсе болот.

Изилдөөнүн оң натыйжалары менен бирге эле, диссертациялык иште төмөндөгүдөй **мүчүлүштүктөрдү** белгилөөгө болот:

1. Диссертацияда айрым бир адабияттарда белгилөөлөр коюлбаганы.
2. Тиркемелерде “педагогикалык кырдаалдар” методикасына изилдөө жүргүзгөндө жооптун түрдүү варианттарын так берсеңиз, сандар ар түрдүү чыгып калган.

Бирок, бул белгилеген мүчүлүштүк диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана практикалык маанилүүлүгүнө таасирин тийгизбейт Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсү КРнын УАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет, ал эми автор 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча диссертациялык кеңешке коргоого сунуштоого болот.

***Жыйындын төрагасы:*** Эгерде башка сүйлөй турган каалоочулар болбосо, жогорудагы айтылган нерселерди жыйынтыктап, төмөнкүлөргө токтолуп кетейин.

**Диссертациянын темасы актуалдуу.**

Жалпы билим берүүчү мекемелер, жогорку, орто кесиптик окуу жайлар өспүрүмдөрдү чыр- чатактуу жана талаштуу маселелерди позитивдүү жол менен чечүүгө, мындай учурлардан өз ара түшүнүшүү менен чыга билүүгө, келечекте коом, айлана-чөйрө менен толеранттуу тыгыз карым-катышта жашай билүүгө тарбиялоого тийиш. Социологиялык сурамжылоолор көрсөткөндөй, бардык эле окуутучулар конфликттүү кырдаалдардан кантип чыга билүү боюнча студенттерге далилдүү жана жүйөөлүү (аргументированный) мисалдар менен толеранттулукту калыптандырууга багытталган тарбия бере алышпайт жана бул олуттуу проблеманы көңүлдөн сырткары калтырып коюшат. Колледждердин айрым гана студенттери өз теңтуштары же курсташтары менен болгон пикир келишпөөчүлүк учурунда сейрек кездешүүчү окутуучулардан насаатчылык жактан жардам ала алышат. Студенттер мындай учурларда, дээрлик, окутуучуларга кайрылышпайт жана бул проблеманы тилекке каршы, намыссыздык, ушакчылык же саткынчылык катары көрүшөт.

Бул – диссертациялык иштин он жагы. Ошого карабастан төмөнкү кемчиликтерди ондоо керек:

1. Илимий аппараты Улуттук аттестациялык комиссиянын жобосуна ылайыктуу изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган негизги жоболору жана жыйынтыктары бирдей болуш керек.
2. Пунктуациялык, грамматикалык, стилистикалык каталарды оңдоосу зарыл.

Бирок ошого карабастан мен бул диссертацияны колдойм, себеби Токторова А.Э. бул теманын үстүндө жигердүү, көп эмгектенип келе жатат. Жогорку окуу жайда иштеп, конфликтология тармагында жакшы адис катары иштеп жатат.

***Жыйындын төрагасы:*** Биз бул диссертация боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

# ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

## I. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан берки болуп өткөн саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр билим берүү системасына да өзүнүн таасирин тийгизди. Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында бардык социалдык чөйрөлөрдөгү олуттуу карама-каршылыктардын жаралышы жана жайылтылышы дүйнөдө болуп жаткан глобалдык өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүүдө.Адамдардын өз ара бири-бирин көрө албастыгы, негизсиз атаандаштык ачык-айкын байкалууда. Көпчүлүк жарандарда өзүнө өзү, ал тургай, келечекке ишенбестик пайда болууда.

Социалдык карама-каршылыктардын курчушунун шартында жарандардын, анын ичинде өспүрүмдөрдүн өз ара мамилесинде көптөгөн бирин-бири түшүнбөстүк же түшүнүүнү каалабастык келип чыгууда. Айрыкча, өткөөл мезгилдеги жаш куракта турмуштук татаал кырдаалдарга карата туура мамиле жасоодо, аны жеңип чыгууда татаалдыктар жаралууда. Бул жаш курактагылар көп учурларда талаш маселелерде, пикир келишпөөчүлүктөрдө деструктивдүү жолду тандап алышууда. Натыйжада, мындай чырлуу маселелердин негизинде өспүрүмдөр өз ара кызматташууга, бири-бирин түшүнө билүүгө эмес ашыкча өжөрлүк, өзүм билемдик, айтканынан кайра кайтпаган инсан болууда. Буга мисал Кыргызстандын түштүгүндө 1990-жылы, 2010- жылдын июнунда болуп өткөн каргашалуу окуялар, талап - тоноо жана башка кылмыштар менен коштолгон тополоңдор дүйнөдөгү коомчулуктун үрөйүн учурду. Жүздөгөн адамдар курман болду, турак үйлөр, дүкөндөр, административдик мекемелер, кафелер бузулуп өрттөлдү. Көптөгөн мекендештерибиз өлкөдөн кетүүгө аргасыз болду.

Бул конфликттерге жаштар да аралашбай койгон жок. Ошондуктан келечекте окуу-тарбия процессинде чыр-чатактарды болтурбоо, алардын алдын алуу азыркы учурдагы студенттер арасындагы олуттуу проблемалардын бири. Жалпы билим берүүчү мекемелер, жогорку, орто кесиптик окуу жайлар өспүрүмдөрдү чыр- чатактуу жана талаштуу маселелерди позитивдүү жол менен чечүүгө, мындай учурлардан өз ара түшүнүшүү менен чыга билүүгө, келечекте коом, айлана-чөйрө менен толеранттуу тыгыз карым-катышта жашай билүүгө тарбиялоого тийиш.

## II. *Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:*

Окуу тарбия процессинде студенттердин педагогикалык конфликттерди чечүүгө багытталган конфликт, келип чыгышы, мазмуну аныкталып, чыр чатактарды туура чечүүдө негизги идеяларды, толеранттык таануу, кабыл алуу, түшүнүк сыяктуу аныктамаларга мазмундук жактан тактоолор киргизилип, тастыкталды. Колледж студенттерине конфликттерди чечүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып, окуу – тарбия процессине

киргизилди. Студенттерге педагогикалык конфликттерди чечүүнүн модели негизделип, иштелип чыкты, анын негизги көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери аныкталды.

## III. Изилдөөчүнүн жеке салымы:

Колледж студенттер арасында болгон конфликттерди чечүүнүн жолдору, интерактивдүү технологиялары, педагогикалык шарттар аныкталып; конфликт түшүнүктөрдү, көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча илимий – методикалык сунуштар иштелип, атайын студенттер үчүн чыр чатактык кырдаалды аныктоо үчүн методикалар иштелип чыкты.

## IV. Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:

Конфликттик кырдаалдан чыгуунун технологиясы иштелип чыкты жана аны ЖОЖдо колдонуу боюнча окутуучулар үчүн методикалык сунуштар берилди; колледж студенттерине тарбиялоого багытталган окуу усулдук колдонмо жазылып, чыр чатактарды чечүүдө тарбиялык сабактардын иштелмелери, усулдардын топтому даярдалып, орто кесиптик окуу жайынын практикасына киргизилди.

**V. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү** изденүүчүнүн жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары проблеманы чечүүгө карата мамиленин теориялык-методологиялык жактан негизделгендиги, изилдөөнүн илимий аппаратынын тандалып алынган изилдөө методдоруна шайкеш келгендиги, илимий булактарга анализ жүргүзүү жана аларды практика жүзүндө колдонуу, педагогикалык-тажрыйбалык иштин натыйжалары, изилдөөнүн милдеттерине шайкеш келген изилдөө ыкмаларынын комплексин айкалыштыруу менен камсыз кылынгандыгы.

## VI. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши.

Изилдөөдө колледж студенттеринин окуу – тарбия процессинде конфликттерди чечүүнүн илимий методикалык жолдору жана педагогикалык шарттары аныкталып, аны окуу жайдын ишмердүүлүгүндө колдонуу жолдору белгиленген. Ошондуктан, «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациялык иш 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигине ылайык келет жана КР УАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобонун” 2.10 пунктунун талаптарына жооп берет.

Ош мамлекеттик университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын жыйыны Токторова Асель Эгембердиевнанын диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Токторова Асель Эгембердиевнанын диссертациясы боюнча жыйындын бүтүмү бекитилсин.
2. Токторова Асель Эгембердиевнанын «Колледждердин окуу-тарбия процессинде студенттердин конфликттик кырдаалдарын чечүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын 10 пунктунун жобосуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрагасы:** Ушул чечим кабыл алынсын десеңиздер, добуш берип коюңуздар. «Макул» – 24, «Каршы», «Калыс» – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Жыйындын төрагасы:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор: Үкүева Б.К.

**Жыйындын катчысы:**
лаборант: Джоошбаева А.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2023 ж. «10» 10
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.